**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ИЛИМ, ЖОГОРКУ БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИННОВАЦИЯЛАР МИНИСТРЛИГИ**

**МИНИСТЕРСТВО НАУКИ, ВЫСШЕГО ОБРАЗОВАНИЯ И ИННОВАЦИЙ КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ**

**MINISTRY OF SCIENCE, HIGHER EDUCATION AND INNOVATION OF THE KYRGYZ REPUBLIC**

720021, Кыргыз Республикасы
Бишкек ш. Москва көчөсү,62
Тел.: 996 (312) 68 08 19
Тел/факс: 996 (312) 68 17 03
http://www.ilim.gov.kg
office@ilim.gov.kg

62, Moskovskaya Street,720021,
Bishkek, Kyrgyz Republic
Tel.: 996 (312) 68 08 19
Tel/fax: 996 (312) 68 17 03
http://www.ilim.gov.kg
office@ilim.gov.kg

720021, Кыргызская Республика
г. Бишкек, ул. Московская, 62
Тел.: 996 (312) 68 08 19
Тел/факс: 996 (312) 68 17 03
http://www.ilim.gov.kg
office@ilim.gov.kg

№

№

**Жогорку билим берүү уюмдары**
(тизме менен)

Кыргыз Республикасынын Илим, жогорку билим берүү жана инновациялар министрлиги философия доктору (PhD) окумуштуулук даражасын берүү тууралуу мамлекеттик үлгүдөгү документти чыгаруу максатында «PhD дипломдорунун реестри» модулу сыноо иштерин жүргүзүү үчүн өндүрүшкө кабыл алынгандыгын билдирет.

Тиркемедеги буйруктарды аткарууга алууну тапшырабыз жана жогорку билим берүү уюмунан порталга жооптуу адамдын толук аты-жөнү, ИЖН, электрондук почтасы, телефону боюнча маалыматы берүүнү суранабыз.

*Тиркеме:*
*– Министрликтин 2025-жылдын 12-февралындагы № 92 буйругу;*
*– Министрликтин 2025-жылдын 3-мартындагы № 129 буйругу.*
-

**Министрдин орун басары** **Д. И. Козуев**

Карыбекова, 680476

ДОКУМЕНТ ЭЛЕКТРОНДУК САНАРИП КОЛТАМГАСЫ МЕНЕН БЕКИТИЛГЕН

№ 442, 04.03.2026

Кол койгон: Козуев Д.И., 04.03.2026

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
ИЛИМ, ЖОГОРКУ БИЛИМ БЕРҮҮ
ЖАНА ИННОВАЦИЯЛАР
МИНИСТРЛИГИ

МИНИСТЕРСТВО
НАУКИ, ВЫСШЕГО ОБРАЗОВАНИЯ
И ИННОВАЦИЙ
КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ

2026 "12" февраль № 92

Бишкек ш.

# БУЙРУК
# ПРИКАЗ

## Философия доктору (PhD)/профиль боюнча доктор окумуштуулук даражасын берүү жөнүндө мамлекеттик үлгүдөгү документти бекитүү тууралуу

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2024-жылдын 27-августунда №517 токтому менен бекитилген Жогорку окуу жайынан кийинки кесиптик билим берүүнүн PhD/тармак боюнча боюнча докторантурасын уюштуруу жана философия доктору (PhD)/тармак боюнча доктор окумуштуулук даражасын ыйгаруу тартиби жөнүндө жобонун 54-пунктунун негизинде **буйрук кылам:**

1. Төмөнкүлөр бекитилсин:

– Философия доктору (PhD)/тармак боюнча доктор окумуштуулук даражасын берүү жөнүндө мамлекеттик үлгүдөгү документ жөнүндө жобо 1-тиркемеге ылайык;

– Философия доктору (PhD)/тармак боюнча доктор окумуштуулук даражасын берүү жөнүндө документтин мамлекеттик үлгүсү 2-тиркемеге ылайык.

2. Ушул буйруктун 1-пункту менен бекитилген мамлекеттик үлгүдөгү документти белгиленген тартипте философиянын доктору (PhD) окумуштуулук даражасын алган адамдарга «Илим жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамы күчүнө кирген күндөн тартып берүүгө уруксат берилсин.

3. Илим башкармалыгынын жетектөөчү адиси А. Дж. Карыбекова философия докторунун (PhD) дипломдорунун санариптик реестри үчүн жооптуу болуп дайындалсын.

4. Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин 2025-жылдын 17-июнундагы № 681/1 «Философия доктору (PhD)/тармак боюнча доктору окумуштуулук даражасын ыйгаруу жөнүндө мамлекеттик үлгүдөгү документин бекитүү тууралуу» буйругу жокко чыгарылсын.

5. Бул буйруктун аткарылышын контролдоо министрдин орун басары К.А. Садыковго жүктөлсүн.

**Министр** **Г.Т. Исаматова**

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
ИЛИМ, ЖОГОРКУ БИЛИМ БЕРҮҮ
ЖАНА ИННОВАЦИЯЛАР
МИНИСТРЛИГИ

МИНИСТЕРСТВО
НАУКИ, ВЫСШЕГО ОБРАЗОВАНИЯ
И ИННОВАЦИЙ
КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ

2026 "12" февраля № 92

Бишкек ш.

# БУЙРУК
# ПРИКАЗ

**Об утверждении документа государственного образца о присуждении ученой степени доктора философии (PhD)/доктора по профилю**

На основании 54-пункта Положения о порядке организации послевузовского профессионального образования докторантуры PhD/по профилю и присуждения ученой степени доктора философии (PhD)/доктора по профилю, утвержденного постановлением Кабинета Министров Кыргызской Республики № 517 от 27 августа 2024 года, **приказываю:**

1. Утвердить:

– Положение о документе государственного образца о присуждении ученой степени доктора философии (PhD)/доктора по профилю согласно приложению 1;

– Государственный образец документа о присуждении ученой степени доктора философии (PhD)/доктора по профилю согласно приложению 2;

2. Разрешить выдачу документа государственного образца, утверждённого пунктом 1 настоящего приказа, лицам, в установленном порядке получившим учёную степень доктора философии (PhD) со дня вступления в силу Закона Кыргызской Республики «О науке».

3. Назначить ведущего специалиста Управления науки Карыбекову А. Дж. ответственным за цифровой реестр дипломов доктора философии (PhD).

4. Признать утратившим силу приказ Министерства образования и науки Кыргызской Республики №681/1 от 17 июня 2025 года «Об утверждении документа государственного образца о присуждении ученой степени доктора философии (PhD)/доктора по профилю».

5. Контроль за исполнением настоящего приказа возложить на заместителя министра К.А. Садыкова.

**Министр** **Г.Т. Исаматова**

Кыргыз Республикасынын
Илим, жогорку билим берүү
жана инновациялар министрлигинин
2026-жылдын 12 февраль
№ 92 буйругуна
1-тиркеме

# Философия доктору (PhD)/тармак боюнча доктор окумуштуулук даражасын берүү жөнүндө мамлекеттик үлгүдөгү документ жөнүндө ЖОБО

## 1-глава. Жалпы жоболор

1. Философия доктору (PhD)/тармак боюнча доктору окумуштуулук даражасын берүү жөнүндө мамлекеттик үлгүдөгү документ жөнүндө бул жобо (мындан ары – Жобо) "Билим берүү жөнүндө", "Илим жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамдарына жана жогорку окуу жайынан кийинки кесиптик билим берүүнүн PhD/тармак боюнча докторантурасынын ишин жана философия доктору (PhD)/тармак боюнча доктор окумуштуулук даражасын берүүнү жөнгө салуучу башка ченемдик укуктук актыларга ылайык иштелип чыкты.

2. Бул Жобонун максаты болуп философия доктору (PhD)/тармак боюнча доктор окумуштуулук даражасын берүү жөнүндө мамлекеттик үлгүдөгү документти (мындан ары – PhD диплому) берүү тартибин жөнгө салуу үчүн ченемдик базаны түзүү саналат.

3. Бул Жобонун милдети болуп PhD дипломунун формасын жана мазмунун, ошондой эле PhD дипломун даярдоо, сактоо, кагаз жана электрондук сактагычтарда берүү тартибин аныктоо болуп саналат.

4. Бул Жободо төмөнкүдөй терминдер жана түшүнүктөр колдонулат:

– жогорку окуу жайынан кийинки кесиптик билим берүү уюму – бул лицензиянын негизинде, PhD/тармак боюнча докторантуранын программасы боюнча илимий кадрларды даярдоону жүзөгө ашырган билим берүүчү же илимий уюм, өзгөчө статуска ээ билим берүү уюмдарынан башкасы;

– Даярдоочу-ишкана – келишимдин негизинде даярдоочу болуп таанылган мамлекеттик басмакана.

5. Билим берүү программасы аккредитациядан өткөн жогорку окуу жайдан кийинки кесиптик билим берүү уюмдары (мындан ары – билим берүү уюмдары) философия доктору (PhD)/тармак боюнча доктор окумуштуулук даражасын берүү жөнүндө мамлекеттик үлгүдөгү документти берүү укугуна ээ.

6. Билим берүү уюмдары философия доктору (PhD)/тармак боюнча доктор окумуштуулук даражасын берүү жөнүндө калыстар тобунун чечиминин негизинде PhD дипломун берет. Калыстар тобу PhD программалары боюнча илимий кадрларды даярдоо ишин жөнгө салуучу

Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актыларынын негизинде иш алып барат.

7. PhD диплому анын эсине даярдоо багыты боюнча илимий жана башка кесиптик ишмердүүлүк менен алектенүүгө, ошондой эле Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык тиешелүү төлөмдөрдү алууга укук берет.

8. Кыргыз Республикасынын Илим, жогорку билим берүү жана инновациялар министрлиги (мындан ары – Министрлик) PhD дипломунун үлгүсүн бекитет жана PhD дипломдорунун реестрин жүргүзөт.

## 2-глава. PhD дипломуна карата талаптар

9. PhD диплом мамлекеттик, расмий жана англис тилдеринде берилет жана философия доктору (PhD)/тармак боюнча доктор окумуштуулук даражасын берүү жөнүндө жалпы маалыматты камтыйт.

10. PhD диплому тангир торчолуу жогорку сапаттагы кагазда жана басмакананын жасалмалоодон коргоо ыкмалары менен жасалат.

11. Барактар Кыргыз Республикасынын гербинин сүрөтү түшүрүлгөн жана “ДИПЛОМ” деген жазуусу бар катуу мукабага чапталат.

12. PhD дипломунун формасы жана мазмуну:

1) мамлекеттик аталышы;

2) Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигинин каттоо жөнүндө күбөлүгүнө ылайык билим берүү уюмунун аталышы;

3) фамилиясы, аты жана атасынын аты (акыркысы болгон учурда) инсандыгын ырастоочу документтердеги жазууга ылайык толугу менен атооч жөндөмөдө көрсөтүлөт, ошондой эле окумуштуулук даражасы берилип жаткан жак менен макулдашылат.

Эгерде окумуштуулук даражасы берилип жаткан жактын фамилиясында, атында жана атасынын атында кыргыз алфавитинин тамгалары бар болсо, алар расмий тилде кыргыз транскрипциясында көрсөтүлөт.

4) (PhD)/тармак боюнча докторантуранын багыттарынын бекитилген тизмегине ылайык программанын багыты. Багыттын сан коду көрсөтүлбөйт;

5) окумуштуулук даражасы берилип жаткан жактын идентификациялык жеке номери (ИЖН);

6) дипломдун каттоо номери “Диплом АМС” санариптик реестри тарабынан автоматтык түрдө берилет;

7) дипломдун санариптик версиясын алуу үчүн QR-код;

8) дипломдун аныктыгын тастыктоо үчүн сайтка шилтеме;

9) билим берүү уюму жайгашкан шаар жана диплом берилген дата.

13. PhD дипломуна калыстар тобунун төрагасынын жана билим берүү уюмунун жетекчисинин кол тамгасы кара тушь менен коюлат.

Мөөр үчүн белгиленген жерге билим берүү уюмунун көк түстөгү гербдүү мөөрү коюлат.

## 3-глава. PhD дипломун даярдоо тартиби

14. Билим берүү уюмдары философия/тармак боюнча докторлорду чыгарууну болжолдоо максатында Министрликке философия/тармак боюнча докторлор жөнүндө алдын ала маалыматты ар жарым жыл сайын берет.

15. Билим берүү уюмдары философия доктору (PhD)/тармак боюнча доктор окумуштуулук даражасын изденип алууга диссертацияны ачык коргоого чейин эки айдан кечиктирбестен изденүүчүлөр жөнүндө баштапкы маалыматты электрондук түрдө жана кагазда, мамлекеттик жана расмий тилде, лицензиянын реквизиттерин (талап кылынса) жана программанын аккредитациясы тууралуу сертификатты көрсөтүү менен берет.

16. Диплом PhD дипломунун санариптик платформасында түзүлөт.

Министрлик жана билим берүү уюмдары PhD дипломунун санариптик платформасына кирүү мүмкүнчүлүгү бар жооптуу жактарды аныкташат.

Калыстар тобу окумуштуулук даражасын берүү жөнүндө чечим чыгаргандан кийин билим берүү уюму PhD дипломун берүүгө электрондук өтүнмө түзөт.

Дипломду даярдоого электрондук өтүнмө окумуштуулук даражасы берилген жактын фамилиясын, атын, атасынын атын, лицензиянын реквизиттерин (талап кылынса) жана программанын аккредитациясы тууралуу сертификатты көрсөтүү менен уюмдун жетекчисинин санариптик кол тамгасы коюлуп жөнөтүлөт.

PhD дипломунун маалыматтарынын тактыгына билим берүү уюмунун жетекчиси жооптуу болот.

17. PhD диплому Кыргыз Республикасынын жаранына идентификациялык жеке номери боюнча берилет жана “Түндүк” электрондук ведомстволор аралык өз ара аракеттешүү системасына тиркелет.

Чет өлкөлүк жарандар белгиленген тартипте идентификациялык жеке номерди алышы керек.

18. Министрлик электрондук өтүнмөнүн техникалык тариздeлишин текшерет. Каталар болгон учурда аны билим берүү уюмуна эскертүүлөрдү жоюу үчүн кайтарат.

Электрондук өтүнмөнүн негизинде Министрлик http://diplom.edu.gov.kg веб-сайтында “Диплом АМС” PhD дипломунун каттоо номерлеринин санариптик реестрин түзөт.

Министрлик электрондук өтүнмөнү жооптуу кызматкердин санариптик кол тамгасы менен тастыктап, андан ары даярдоого даярдоочу-ишканага жөнөтөт.

19. PhD дипломун келишим боюнча ачык даярдоочу-ишкана даярдайт.

20. Даярдоочу-ишкана тапшырыкты 15 иш күндөн ашпаган мөөнөттүн ичинде аткарат.

21. Министрлик PhD дипломдорун эсепке алууну кагаз форматта дагы белгиленген тартипте жүргүзөт (эсепке алуу китеби, номерленген жана көктөлгөн).

22. PhD диплому жоголгон, бузулган же катасы болгон, же ээсинин аты (фамилиясы, атасынын аты) алмашкан учурда PhD дипломунун дубликаты берилет. Философия доктору (PhD)/тармак боюнча доктор окумуштуулук даражасынын ээси дубликат алуунун жагдайларын көрсөтүү менен билим берүү уюмунун жетекчилигине кайрылат.

Билим берүү уюму бир айлык мөөнөттө арыздын негизинде дубликат берүү жөнүндө чечим чыгарат. Арыз жана дубликат берүү жөнүндө буйрук өтүнмө ээсинин жеке делосунда сакталат.

Били берүү уюму дубликат берүү жөнүндө билим берүү уюмунун буйругун тиркөө менен PhD дипломунун санариптик платформасында электрондук өтүнмө түзөт.

Аты-жөнү алмашкан учурда мурдагы аты (фамилиясы, атасынын аты) менен PhD диплому белгиленген тартипте жок кылуу үчүн билим берүү уюмуна кайтарылып берилет.

23. PhD дипломунун дубликатына ушул Жободо каралган жазуулар киргизилет.

24. Билим берүү уюму жоюлган учурда PhD дипломунун дубликаты өтүнүүчү тарабынан берилген зарыл документтердин жана өтүнүүчүнүн билим берүү уюмун аяктоо фактысын тастыктаган архивдик маалыматтардын негизинде Министрликтин буйругу менен берилет.

Билим берүү уюму жоюлган учурда дубликаттын негизги бөлүгүндө билим берүү уюмунун дубликат берүү учурундагы аталышы көрсөтүлөт.

25. Дубликаттын баш жагында дипломдун сериялык номеринин төмөн жагында “Дубликат” деген сөз жазылат.

26. Дипломдун дубликатына дубликат берилген жылы иштеп жаткан калыстар тобунун төрагасынын, билим берүү уюмунун жетекчисинин кол тамгалары коюлат жана дубликаттарды берүү китебине катталат.

27. PhD дипломдорун тариздөөгө, текшерүүгө жана даярдоого катышкан тараптар Кыргыз Республикасынын жеке маалыматтарды сактоо боюнча мыйзамдарын сактоого милдеттүү.

## 4-глава. Документтерди берүү, эсепке алуу жана сактоо

28. Билим берүү уюму PhD дипломдорун берүүнү, ошондой эле окуучулар тарабынан билим берүү программаларын өздөштүрүүнүн жеке натыйжаларын, кагаз жана электрондук түрдө аларды архивде сактоону катуу эсепке алууну жүзөгө ашырат.

29. PhD диплому ээсинин жеке өзүнө же ээси тарабынан берилген ишеним кат боюнча өкүлүнө берилет. PhD дипломунун көчүрмөсү бир нускада билим берүү уюмунун архивиндеги бүтүрүүчүнүн жеке делосунда сакталууга тийиш.

30. Билим берүү уюмунда берилүүчү PhD дипломдорун жана алардын дубликаттарын каттоо үчүн атайын эсепке алуу китептери (каттоо китептери) жүргүзүлөт, аларга PhD дипломунун төмөндөгү маалыматтары киргизилет:

1) каттоо номери;

2) берилген датасы;

3) сериясы жана басмакана номери;

4) документти алган жактын фамилиясы, аты жана атасынын аты, ИЖНи;

5) даярдоо багытынын аталышы;

6) окумуштуулук даражасы;

7) калыстар тобунун протоколунун датасы жана номери;

8) программанын жетекчисинин кол тамгасы;

9) документти алган жактын кол тамгасы.

31. Берилген PhD дипломдорун, алардын дубликаттарын каттоо китептери белгиленген тартипте көктөлүп, номерленет, билим берүү уюмунун мөөрү басылат жана катуу отчеттуулуктагы документтер катары сакталат.

32. Билим берүү уюмдары PhD дипломдорун даярдоого, сактоого жана берүүгө юридикалык жана материалдык жактан жоопкерчиликтүү жактарды буйрук менен аныктайт.

Талап кылынбаган PhD дипломдору билим берүү уюмдарында сакталат жана ээсине берилгенге чейин атайын реестр боюнча эсепке алынат.

## 5-глава. PhD дипломдорун даярдоо боюнча иштерди каржылоо

33. Дипломду, дипломдун дубликатын берүү боюнча мамлекеттик кызмат көрсөтүүлөргө баалардын прейскуранты Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык бекитилет.

34. PhD дипломун даярдоого чыгымдар билим берүү уюму тарабынан төлөнөт жана окумуштуулук даражасы берилген жак тарабынан орду толтурулат. Төлөө келишимдин шарттарына ылайык даярдоочу-ишкананын алыш-бериш эсебине түз эсептешүү аркылуу жүргүзүлөт.

## 6-глава. Корутунду жоболор

35. PhD дипломунун аныктыгы реалдуу убакыт режиминде http://diplom.edu.gov.kg веб-сайтынан тастыкталат.

36. PhD диплому катуу отчеттуулуктагы документ болуп саналат жана Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында белгиленген мөөнөттөргө сакталууга тийиш.

Приложение 1
к приказу Министерства науки,
высшего образования и инноваций
Кыргызской Республики
№ 92 от 12. 01. 2026 года

# ПОЛОЖЕНИЕ
## о документе государственного образца о присуждении ученой степени доктора философии (PhD)/доктора по профилю

### Глава 1. Общие положения

1. Настоящее Положение о документе государственного образца о присуждении ученой степени доктора философии (PhD)/доктора по профилю (далее – Положение) разработано в соответствии с Законами Кыргызской Республики «Об образовании», «О науке» и нормативными правовыми актами Кыргызской Республики, регулирующими деятельность послевузовского профессионального образования докторантуры PhD/по профилю и присуждение ученой степени доктора философии (PhD)/доктора по профилю

2. Целью Положения является создание нормативной базы для регулирования порядка выдачи документов государственного образца о присуждении ученой степени доктора философии (PhD)/доктора по профилю (далее - диплом PhD).

3. Задачей Положения является определение формы и содержания, а также порядка изготовления, хранения и выдачи диплома PhD на бумажных и электронных носителях.

4. В настоящем Положении используются следующие термины и понятия:

– Образовательная организация послевузовского профессионального образования – образовательная или научная организация осуществлющая подготовку научных кадров по программе докторантуры PhD/по профилю на основании лицензии, за исключением образовательных организаций, обладающих особым статусом;

– Предприятие-изготовитель – государственная типография, признанная изготовителем на основании договора.

5. Право на выдачу документа государственного образца о присуждении ученой степени доктора философии (PhD)/доктора по профилю имеют образовательные организации послевузовского профессионального образования (далее – образовательные организации), прошедшие аккредитацию образовательной программы.

6. Образовательные организации выдают диплом PhD на основании решения жюри о присуждения ученой степени доктора философии (PhD)/доктора по профилю. Жюри действует на основании нормативных

правовых актов Кыргызской Республики, регулирующих деятельность подготовки научных кадров по программам PhD.

7. Диплом PhD дает право его владельцу заниматься научной и другой профессиональной деятельностью по направлению подготовки, а также на получение соответствующих выплат согласно законодательству Кыргызской Республики.

8. Министерство науки, высшего образования и инноваций Кыргызской Республики (далее – Министерство) утверждает образец диплома PhD и ведет реестр дипломов PhD.

## Глава 2. Требования к диплому PhD

9. Диплом PhD выдается на государственном, официальном и английском языках и содержит общую информацию о присвоении ученой степени доктора философии (PhD)/по профилю.

10. Диплом PhD выполняется на высококачественной бумаге с тангирной сеткой и типографскими методами защиты от подделок.

11. Листы вклеиваются на твердый переплет с тиснением герба Кыргызской Республики и надписью «ДИПЛОМ».

12. Форма и содержание диплома PhD:

1) название государства;

2) наименование образовательной организации согласно свидетельству о регистрации Министерства юстиции Кыргызской Республики;

3) фамилия, имя и отчество (при наличии последнего) указываются полностью в именительном падеже в соответствии с записью в документах, удостоверяющих личность, а также согласуются с лицом, которому присуждается ученая степень.

В случае, если фамилия, имя, отчество лица, которому присуждается ученая степень, содержат буквы кыргызского алфавита, на официальном языке они указываются в кыргызской транскрипции.

4) направление программы согласно утвержденному перечню направлений докторантуры PhD/по профилю. Цифровой код направления не указывается;

5) персональный идентификационный номер лица, которому присуждается ученая степень (ПИН);

6) регистрационный номер диплома присваивается автоматически цифровым реестром «АИС Диплом»;

7) QR-код для получения цифровой версии диплома;

8) ссылка на сайт для подтверждения подлинности диплома;

9) город расположения образовательной организации и дата выдачи диплома.

13. Диплом PhD подписывается черной тушью председателем жюри и руководителем образовательной организации.

На отведенном для печати месте ставится гербовая печать образовательной организации синего цвета.

## Глава 3. Порядок изготовления диплома PhD

14. Образовательные организации представляют в Министерство предварительную информацию о докторантах философии (PhD)/по профилю каждые полгода с целью прогнозирования выпуска докторов философии (PhD)/по профилю.

15. Не позднее, чем за два месяца до публичной защиты диссертации на соискание ученой степени доктора философии (PhD)/доктора по профилю образовательные организации представляют первичную информацию о соискателях в электронной форме и на бумажных носителях на государственном и официальном языках с указанием реквизитов лицензии (при требовании) и сертификата об аккредитации программы.

16. Диплом формируется на цифровой платформе диплома PhD.

Министерство и образовательные организации определяют ответственных лиц, имеющих доступ к цифровой платформе диплома PhD.

Образовательная организация после вынесения решения жюри о присуждении ученой степени формирует электронную заявку на выдачу диплома PhD.

Электронная заявка на изготовление диплома направляется с указанием фамилии, имени, отчества лица, которому присуждена ученая степень, реквизитов лицензии (при требовании), сертификата об аккредитации программы, подписанной цифровой подписью руководителем организации.

Ответственность за точность сведений диплома PhD несет руководитель образовательной организации.

17. Диплом PhD выдается гражданину Кыргызской Республики по персональному идентификационному номеру и прикрепляется к системе межведомственного электронного взаимодействия «Түндүк».

Иностранные граждане должны получить персональный идентификационный номер в установленном порядке.

18. Министерство проверяет техническое оформление электронной заявки. При наличии ошибок возвращает ее для устранения замечаний в образовательную организацию.

На основании электронной заявки Министерство формирует цифровой реестр регистрационных номеров диплома PhD «АИС Диплом» на веб-сайте http://diplom.edu.gov.kg. Министерство направляет электронную заявку дальше на изготовление в предприятие-изготовитель, подтвердив цифровой подписью ответственного сотрудника.

19. Диплом PhD изготавливает открытое предприятие-изготовитель согласно договору.

20. Предприятие-изготовитель выполняет заказ в течение срока, не превышающего 15 рабочих дней.

21. Министерство ведет учет дипломов PhD также и в бумажном формате в установленном порядке (книга учета, пронумерованная и прошнурованная).

22. При потере диплома PhD, порче или повреждении, наличии ошибки или смене имени (фамилии, отчества) владельца выдается дубликат диплома PhD. Владелец ученой степени доктора философии PhD/доктора по профилю обращается с заявлением к руководству образовательной организации с указанием обстоятельства получения дубликата.

Образовательная организация в месячный срок выносит решение о выдаче дубликата на основании заявления. Заявление и приказ о выдаче дубликата хранятся в личном деле заявителя.

Образовательная организация формирует электронную заявку на цифровой платформе диплома PhD с приложением приказа образовательной организации о выдаче дубликата.

В случае смены ФИО диплом PhD с прежним именем (фамилией, отчеством) возвращаются в образовательную организацию для аннулирования в установленном порядке.

23. В дубликат диплома PhD вносятся предусмотренные настоящим Положением записи.

24. В случае ликвидации образовательной организации дубликат диплома PhD выдается по приказу Министерства на основании предоставленных заявителем необходимых документов и архивных данных, подтверждающих факт окончания заявителем образовательной организации.

В случае реорганизации образовательной организации в представительной части дубликата указывается название образовательной организации на момент выдачи дубликата.

25. На дубликате в заголовке под серийным номером диплома печатается слово «Дубликат».

26. Дубликат диплома подписывается председателем жюри, действующим в год выдачи дубликата, руководителем образовательной организации и регистрируется в книге выдачи дубликатов.

27. Стороны, участвующие в оформлении, проверке и изготовлении дипломов PhD, обязаны соблюдать законодательство Кыргызской Республики по защите персональных данных.

## Глава 4. Выдача, учет и хранение документов

28. Образовательная организация осуществляет строгий учет выдачи дипломов PhD, а также учет индивидуальных результатов освоения обучающимися образовательных программ, их архивное хранение в бумажном и электронном виде.

29. Диплом PhD выдается лично владельцу или представителю по доверенности. Копия диплома PhD в одном экземпляре подлежат хранению в архиве образовательной организации в личном деле выпускника.

30. В образовательной организации для регистрации выдаваемых дипломов PhD и их дубликатов ведутся специальные книги учета (книги регистрации), в которые заносятся следующие данные диплома PhD:

1) регистрационный номер;
2) дата выдачи;
3) серия и типографский номер;
4) фамилия, имя и отчество лица, ИНН, получившего документ;
5) наименование направления подготовки;
6) ученая степень;
7) дата и номер протокола жюри;
8) подпись руководителя программы;
9) подпись лица, получившего документ.

31. Книги регистрации выданных дипломов PhD, их дубликатов прошнуровываются, пронумеровываются, скрепляются печатью образовательной организации в установленном порядке и хранятся как документы строгой отчетности.

32. Образовательные организации определяют приказом лиц, несущих юридическую и материальную ответственность за подготовку, а также изготовление, хранение и выдачу дипломов PhD.

Невостребованные дипломы PhD хранятся в образовательной организации и учитываются по специальному реестру до их выдачи владельцу.

## Глава 5. Финансирование работы по изготовлению дипломов PhD

33. Прейскурант цен на государственные услуги по выдаче диплома, дубликата диплома утверждается в соответствии с законодательством Кыргызской Республики.

34. Расходы на изготовление диплома PhD оплачиваются образовательной организацией и возмещаются лицами, которым присуждена ученая степень. Оплата производится путем прямых денежных расчетов на расчетный счет предприятия-изготовителя в соответствии с условиями договора.

## Глава 6. Заключительные положения

35. Подлинность диплома PhD подтверждается в режиме реального времени на веб-сайте http://diplom.edu.gov.kg.

37. Диплом PhD является документом строгой отчетности и подлежит хранению в сроки, установленные законодательством Кыргызской Республики.

Кыргыз Республикасынын
Илим, жогорку билим берүү
жана инновациялар министрлигинин
2026-жылдын 12 февраль
№ 92 буйругуна
2-тиркеме

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**

______________________________

(билим берүү мекемесинин аталышы)

# ДИПЛОМ

PhD № 260000001
(дипломдун номери)

______________________________

(аты-жөнү)

диссертацияны коргоо менен PhD докторантурасынын программасын ийгиликтүү өздөштүрдү жана калыстар тобунун ____________ чечими менен
(датасы)

«______________________»
(баттын аталышы)

багыты боюнча ага
**философия доктору (PhD)**
окумуштуулук даражасы берилди

Калыстар тобунун төрагасы

Ректор

Бул диплом философия докторунун (Phd) окумуштуулук даражасы берилгендиги жөнүндө мамлекеттик үлгүдөгү документ болуп саналат

Аныктыгын текшерүү: https://diplom.edu.gov.kg
ИЖН: ____________

Каттоо номери: ______________

_____ *шаары, 2026-жылдын* _____

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**

________________________________________

(билим берүү мекемесинин аталышы)

# ДИПЛОМ

PhD № 260000001

(дипломдун номери)

ДУБЛИКАТ

________________________________________

(аты-жөнү)

диссертацияны коргоо менен PhD докторантурасынын программасын ийгиликтүү өздөштүрдү жана калыстар тобунун ________________ чечими менен

(датасы)

«____________________________»

(баттын аталышы)

багыты боюнча ага

**философия доктору (PhD)**

окумуштуулук даражасы берилди

Калыстар тобунун төрагасы

Ректор

Бул диплом философия докторунун (Phd) окумуштуулук даражасы берилгендиги жөнүндө мамлекеттик үлгүдөгү документ болуп саналат

Аныктыгын текшерүү: https://diplom.edu.gov.kg

ИЖН: ____________

Каттоо номери: ________________

_____ *шаары, 2026-жылдын* _____

**KYRGYZ REPUBLIC**

______________________________
(name of organization)

# DIPLOMA

PhD № 260000001
(number of diploma)

______________________________________________
(name)
has successfully completed the PhD program
with the defense of his dissertation and,
by the decision of the Jury dated ______________
(month, date, year)
was awarded the scientific degree of
**Doctor of Philosophy (PhD)**
in the field of
«_______________»
(the field of science)

Chairperson of the Jury

Rector

This diploma is a state-issued document confirming
the award of the scientific degree of Doctor of Philosophy (Phd)

Authenticity verification: https://diplom.edu.gov.kg
PIN: ____________

Registered number: ________

____, ________, 2026

**KYRGYZ REPUBLIC**

______________________________
(name of organization)

# DIPLOMA

PhD № 260000001
(number of diploma)
DUPLICATE

______________________________________
(name)

has successfully completed the PhD program
with the defense of his dissertation and,
by the decision of the Jury dated ______________
(month, date, year)
was awarded the scientific degree of
**Doctor of Philosophy (PhD)**
in the field of
«_______________»
(the field of science)

Chairperson of the Jury

Rector

This diploma is a state-issued document confirming
the award of the scientific degree of Doctor of Philosophy (Phd)

Authenticity verification: https://diplom.edu.gov.kg
PIN: ____________

Registered number: ________

____, ________, 2026

Приложение 2
к приказу Министерства науки,
высшего образования и инноваций
Кыргызской Республики
№ 92 от 12.02. 2026 года

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**

_______________________________________
(название образовательной организации)

# ДИПЛОМ

PhD № 260000001
(номер диплома)

___________________________________________________
(ФИО)

успешно освоил программу
докторантуры PhD с защитой диссертации,
и решением жюри от _______________
(дата)
ему присуждена ученая степень
**доктора философии (PhD)**
по направлению
«_____________________________»
(название направления)

Председатель жюри

Ректор

Диплом является документом государственного образца
о присуждении ученой степени доктора философии (Phd)

Проверка подлинности: https://diplom.edu.gov.kg
ПИН: ____________________

Регистрационный номер: ____________

***город ___, _______ 2025 года***

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**

______________________________________________
(билим берүү мекемесинин аталышы)

# ДИПЛОМ

PhD № 260000001
(дипломдун номери)
ДУБЛИКАТ

______________________________________________
(аты-жөнү)

диссертацияны коргоо менен PhD докторантурасынын программасын ийгиликтүү өздөштүрдү жана калыстар тобунун ________________ чечими менен
(датасы)

«_____________________________»
(баттын аталышы)

багыты боюнча ага

**философия доктору (PhD)**

окумуштуулук даражасы берилди

Калыстар тобунун төрагасы

Ректор

Бул диплом философия докторунун (Phd) окумуштуулук даражасы берилгендиги жөнүндө мамлекеттик үлгүдөгү документ болуп саналат

Аныктыгын текшерүү: https://diplom.edu.gov.kg
ИЖН: ____________

Каттоо номери: ________________

_____ *шаары, 2026-жылдын* _____

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
ИЛИМ, ЖОГОРКУ БИЛИМ БЕРҮҮ
ЖАНА ИННОВАЦИЯЛАР
МИНИСТРЛИГИ

МИНИСТЕРСТВО
НАУКИ, ВЫСШЕГО
ОБРАЗОВАНИЯ И ИННОВАЦИЙ
КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ

20*26* "*03* *марта* №*129*

**БУЙРУК**
**ПРИКАЗ**

Бишкек ш.

**О предварительной эксплуатации модуля верификации документов «Реестр PhD дипломов»**

На основании пункта 54 Положения о порядке организации послевузовского образования докторантуры PhD/по профилю и присуждения степени доктора философии (PhD)/доктора по профилю, утвержденного постановлением Кабинета Министров Кыргызской Республики № 517 от 27 августа 2024 года, а также в целях обеспечения поэтапного ввода в эксплуатацию модуля «Реестр PhD дипломов» и проведения комплекса проверок и испытаний Портала в соответствии с постановлением Правительства Кыргызской Республики от 31 декабря 2019 года № 744, **приказываю**:

1. Установить период предварительной эксплуатации модуля «Реестр PhD дипломов» с 09 марта по 10 апреля 2026 года включительно.

2. Контроль за исполнением настоящего приказа возложить на Отдел цифрового развития.

**Министр** **Г. Т. Исаматова**

| | | |
|---|---|---|
| Заместитель министра | | Козуев Д. И. |
| Заведующий отделом кадров и делопроизводства | | Мойдинов И. Ж. |
| Начальник управления права | | Аттокурова А. Т. |
| Начальник управление Науки | | Жабудаев Т. Ж. |
| Заведующий отделом цифрового развития | | Шаршенбай уулу Н. |

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
ИЛИМ, ЖОГОРКУ БИЛИМ БЕРҮҮ
ЖАНА ИННОВАЦИЯЛАР
МИНИСТРЛИГИ

МИНИСТЕРСТВО
НАУКИ, ВЫСШЕГО
ОБРАЗОВАНИЯ И ИННОВАЦИЙ
КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ

2026-03 март №129

**БУЙРУК**
**ПРИКАЗ**

Бишкек ш.

**«PhD дипломдорун» текшерүү модулунун алдын ала пайдаланылышы жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2024-жылдын 27-августундагы № 517 токтому менен бекитилген PhD/профиль боюнча докторантураны уюштуруунун тартиби жана философия доктору (PhD)/профиль боюнча доктор даражасын ыйгаруу жөнүндө Положениенин 54-пунктуна ылайык, ошондой эле Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2019-жылдын 31-декабрындагы № 744 токтомуна ылайык «PhD Дипломдор реестри» модулун этап-этабы менен ишке киргизүүнү камсыз кылуу жана Порталды текшерүү, сыноо иштерин жүргүзүү максатында, **буйрук кылам:**

1. «PhD дипломдор реестри» модулунун алдын ала пайдалануу мөөнөтүн 2026-жылдын 9-мартынан 2026-жылдын 10-апрелине чейин белгилөө.

2. Ушул буйруктун аткарылышын көзөмөлдөөнү Санариптик өнүктүрүү бөлүмүнө жүктөө.

**Министр** **Г. Т. Исаматова**

| | | |
|---|---|---|
| Министрдин орун басары | | Козуев Д. И. |
| Кадрлар жана иш кагаздарын жүргүзүү бөлүм башчысы | | Мойдинов И. Ж. |
| Укук башкармалыгынын начальниги | | Аттокурова А. Т. |
| Илим башкармалыгынын начальниги | | Жабудаев Т. Ж. |
| Санариптик өнүктүрүү бөлүм башчысы | | Шаршенбай уулу Н. |